"МАКУЛДАШЫЛДЫ"

Ж.Баласагын атындагы

КУУнун окуу иштери боюнча проректору

доцент Бексултанов Ж.Т.

_______________

« 20 » ___12___ 2023-ж.

"БЕКИТЕМИН"

Ж.Баласагын атындагы

КУУнун ректору

профессор АбдырахмановТ.А.

_______________

« 11 » ___01___ 2024-ж.

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун практика жана карьера борбору**

**жөнүндө ЖОБО**

**1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. Бул Жобо практика жана карьера борборунун (мындан ары - ПжКБ) ишин жөнгө салат жана ПжКБ өз ишинде Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын \11 август 2023 - жыл № 179, Университеттин Уставын, башка ченемдик-укуктук актыларды, ушул Жобону, практика жана карьера борборунун ишинин шарттарына жана өзгөчөлүктөрүнө жараша университеттин башка локалдык актыларын жетекчиликке алат.

1.2. Практика жана карьера борбору Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

1.3. Борбор университеттин ректорунун буйругу менен бекитилет, кайра уюштурулат жана жоюлат.

1.4. Ушул Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (мындан ары - Ж.Баласагын атындагы КУУ) практика жана карьера борбору жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Практика жана карьера борборунун функцияларын, укуктарын жана милдеттерин аныктайт.

1.5. ПжКБнын толук аталышы: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Практика жана карьера борбору.

1.6. Борбордун ишин окуу иштери боюнча проректор координациялайт.

1.7. Практика жана карьера борборунун ишмердүүлүгүн окуу иштери боюнча проректордун сунушу боюнча ректор дайындай турган директор жетектейт.

1.8. Борбордун түзүмү, саны жана штаттык тизмеги окуу иштери боюнча проректор менен ПжКБнын директорунун макулдашылган сунушу боюнча ректор тарабынан бекитилет.

1.9. Борбордун кызматкерлеринин эмгектик милдеттери, алардын эмгек шарттары ар бир кызматкер менен түзүлгөн эмгек келишимдери, Ж.Баласагын атындагы КУУнун ички актылары, ошондой эле Борбордун кызматкерлеринин кызматтык нускамалары менен аныкталат.

1.10. Борбордун КУУнун башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракети ушул Жобо менен ага жүктөлгөн милдеттер жана функциялар менен аныкталат.

1.11. Бул Жобо, ага киргизилүүчү толуктоолор жана өзгөртүүлөр Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

1.12. Практика жана карьера борборунун директору жок болгон мезгилде анын милдеттерин Борбордун белгиленген тартипте дайындалган кызматкерлеринин бири аткарат. Директордун ордун алмаштырган адам тиешелүү укуктарга жана милдеттерге ээ болот.

1.13. ПжКБнын өзүнүн аталышы жана университетке таандыктыгы көрсөтүлгөн мөөрү, штампы бар.

## 2. ПжКБнын МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

2.1.1. ПжКБнын негизги максаты - жогорку окуу жайдын студенттеринин карьерасын натыйжалуу курууга шарттарды түзүү жана бүтүрүүчүлөрдүн алган адистигине ылайык ийгиликтүү жумушка орношуусуна көмөк көрсөтүү.
2.1.2. Жогорку кесиптик билим берүүнүн колдонуудагы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык ЖОЖдун студенттеринин практикасын ишке ашырууга бирдиктүү мамилени камсыз кылуу үчүн университеттин түзүмдүк бөлүктөрүндө, окуу жайларда жана башка уюмдарда жүргүзүлүп жаткан практиканын ишин координациялоо.

## 2.2. НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ БОЛУП ТӨМӨНКҮЛӨР САНАЛАТ:

2.2.1. Бекитилген окуу пландарына жана базистик билим берүү программаларына ылайык студенттерге, угуучуларга, магистранттарга практиканын бардык түрлөрүн уюштуруу жана өткөрүү боюнча иштерди координациялоо жана көзөмөлдөө;
2.2.2. Менчиктин бардык түрүндөгү уюмдардын өтүнүчү боюнча бүтүрүүчүлөрдүн арасынан кадрларды тандоого көмөк көрсөтүү;
2.2.3. Уюмдар, ишканалар жана башка билим берүү уюмдары менен практикаларды өтүү боюнча келишим түзүүдө жардам көрсөтүү.
2.2.4. Университетте практиканын бардык түрлөрүн үзгүлтүксүз уюштурууну көзөмөлдөө.
2.2.5. Студенттердин практикасын ишке ашыруу боюнча университеттин түзүмдүк бөлүктөрү, башка билим берүү мекемелери жана уюмдары менен өз ара байланышты өнүктүрүү.
2.2.6. Бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу боюнча жумуш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү, бүтүрүүчүлөрдүн багыттары жана адистиктери боюнча жумушка орношуусуна жыл сайын талдоо жүргүзүү ж.б.
2.2.7. Студенттер жана бүтүрүүчүлөр үчүн карьералык билим берүү жаатында консультациялык - билим берүү кызматтарын көрсөтүү;

## 2.3. ПжКБнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ТҮРЛӨРҮ

2.3.1. уюштуруучулук жана башкаруучулук;
2.3.2. координациялоо жана көзөмөлдөө;
2.3.3. маалымат жана кенеш берүү;

## 3. ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН НЕГИЗГИ ФУНКЦИЯЛАРЫ ЖАНА БАГЫТТАРЫ

3.1. Жумуш менен камсыз кылууга көмөктөшүү боюнча шаардык башкармалык менен кызматташып, алынган маалыматтарды Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттери жана бүтүрүүчүлөрү арасында таркатат.
3.2. Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттери жана бүтүрүүчүлөрү үчүн карьерага багытталган иш-чараларды өткөрөт:
а) бүтүндөй университет жана факультеттер үчүн карьера күндөрү (бош жумуш оруннардын жарманкелери);
б) жумуш берүүчүлөрдүн презентациялары;
в) эмгек рыногу менен карьералык өсүүгө арналган окуу семинарлары, тренингдер жана мастер-класстар, окуу курстары;
г) карьералык иш-чаралар (тегерек столдор, талкуулар, кызыккан тематикалык жолугушуулар ж.б.).
3.3. Ж.Баласагын атындагы КУУнун бардык бүтүрүүчү кафедраларында, факультеттеринде жана институттарында бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна көз салуу үчүн жыл сайын мониторинг жүргүзөт.
3.4. Кадрларга болгон муктаждыкты аныктайт жана болжолдойт, бүтүрүүчүлөрдүн талап кылынган адистиктеринин жана компетенцияларынын тизмесин түзөт.

3.5. ПжКБ менен түз байланыш аркылуу жумуш берүүчүлөрдүн сунуштарынан чогултулган бош жумуш орундарынын маалымат базасы, жумуш берүүчүлөр сунуштаган стажировка, бүтүрүүчүлөр үчүн бош жумуш орундардын маалымат базасы менен бүтүрүүчүлөрдү тааныштыруу.
3.6. Акыркы курстун студенттерин тигил же бул ишкана менен, тигил же бул кызматтагы жумуштун өзгөчөлүктөрү менен, жумуш берүүчү тарабынан тигил же бул адиске коюлуучу талаптар менен жакындан тааныштыруу үчүн жумуш берүүчүлөрдүн жумушка орноштуруу боюнча комиссияларынын ишине катышат;
3.7. Практиканын бардык түрлөрүн уюштуруу боюнча иштерди координациялоо.
3.8. Өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практикадан өтүү, ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн окутуу жана жумушка орноштуруу маселелери боюнча Бишкек шаарынын ишканалары, уюмдары, мекемелери менен Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында, жакынкы жана алыскы чет мамлекеттерде узак мөөнөттүү ишкердик байланыштарды түзүү.
3.9. Интернетте университеттин расмий сайтында Борбордун баракчасын жүргүзүү.
3.10. Университеттин негизги билим берүү программалары боюнча жумуш берүүчүлөрдүн жана алардын бош жумуш орундарынын маалыматтар банкын, жумуш издөөчүлөр үчүн электрондук маалымат базасын түзүү.
3.11. Институттарга, факультеттерге, колледждерге, ошондой эле жеке жактарга (студенттерге) уюмдар, ишканалар - практикалар базалары менен келишим түзүү боюнча жардам көрсөтүү;
3.12. Практиканын жыйынтыгы боюнча бөлүмдөрдүн отчетторун, программаларын талдоо.
3.13. Өз ара пайдалуу кызматташуу маселелерин чечүү үчүн университеттин жетекчилигинин өнөр жай ишканаларынын ээлери, жетекчилери жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелери менен жолугушууларын уюштуруу жана техникалык жактан коштоо.

## 4. ПжКБнын УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

4.1. ПжКБ төмөнкүлөргө укуктуу:
4.1.1. Борбордун ишин жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды, маалымдама жана башка материалдарды түзүмдүк бөлүктөрдөн сурап алууга;
4.1.2. Борбордун компетенциясына кирген маселелер боюнча мекемелерде жана уюмдарда белгиленген тартипте Университеттин атынан чыгууга;
4.1.3. Практиканы уюштуруу жана өткөрүү маселелери боюнча университеттин башка түзүмдүк бөлүктөрү, башка билим берүү мекемелери жана уюмдары менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырууга;
4.1.4. Практикаларды өткөрүү маселелери боюнча институттардын, факультеттердин, колледждердин окуу усулдук комиссиясынын жыйындарына катышууга;
4.1.5. Өз компетенциясынын чегинде документтерге кол коюуга жана бекитүүгө;
4.1.6. ПжКБнын функцияларына байланыштуу иштерди уюштурууга жана аткарууга университеттин башка бөлүмдөрүн тартууга;
4.1.7. ПжКБнын ишин уюштуруу жана өркүндөтүү маселелерин чечүү үчүн кызматтык иш сапарларга чыгууга;
4.1.8. Жогорку өндүрүмдүү, сапаттуу иштөө үчүн жумуш ордунда оптималдуу шарттарды түзүүнү сураннууга;
4.1.9. ПжКБнын ишин камсыз кылуу үчүн зарыл болгон компьютердик, көбөйтүүчү жана башка оргтехниканы, байланыш каражаттарын, ошондой эле башка материалдык ресурстарды пайдаланууга.

**4.2. ПжКБ МИЛДЕТҮҮ:**
4.2.1. Университеттин ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарды сактоого;
4.2.2. Студенттердин практикасын уюштурууну камсыз кылууга;

4.2.3. ЖКББ (Жогорку кесиптик билим берүүнүн) МББС (Мамлекеттик билим беруу стандартын) колдонуудагы талаптарына ылайык практиканын бардык түрлөрү боюнча программаларды жаңыртууга мониторинг жүргүзүүгө;
4.2.4. Республиканын аймагындагы жана чет өлкөлөрдөгү мекемелерде, ишканаларда, фирмаларда жана башка уюмдарда университеттин студенттеринин практикасын уюштуруунун сапатына көзөмөл жүргүзүүгө;
4.2.5. ПжКБнын башка кызматкерлеринин жоопкерчилик даражасы кызматтык нускамалар менен белгиленет;
4.2.6. . ПжКБнын документтеринде камтылган маалыматтардын, ошондой эле кызматтык маалыматтардын купуялуулугун сактоого.

## 5. Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КУУнун БАШКА ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮКТӨРҮ МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТИ

5.1. ПжКБнин Ж. Баласагын атындагы КУУнун башка түзүмдүк бөлүктөрү менен өз ара аракети ушул Жобо менен ага жүктөлгөн милдеттер жана функциялар менен аныкталат.
5.2. Ж. Баласагын атындагы КУУнун окуу башкармалыгы, факультеттери, институттары, административдик бөлүнүштөрүнүн борборлору менен карьералык билим берүүнү өнүктүрүү, жумушка орношуу көйгөйлөрү боюнча студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн маалымат базасын түзүү, практиканын ар кандай түрлөрүн өтүү, жумуш берүүчүлөр менен байланыштарды издөө жана жөнгө салуу, карьералык иш-чаралардын кеңири спектрин уюштуруу, социологиялык жана маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү, ошондой эле ушул Жобо менен ПжКБна жүктөлгөн функцияларды ишке ашыруунун башка маселелери боюнча өз ара аракеттенет.

## 6. ПжКБнын ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

6.1. ПжКБ жогорку кесиптик билим берүү, эмгек рыногу, консалтинг жана башка тиешелүү багыттар боюнча илимий-изилдөө, билим берүү ишмердүүлүгү үчүн ар кандай гранттарды алуу боюнча сынактарга катыша алат.
6.2. ПжКБ тышкы тапшырык боюнча социологиялык жана маркетинг изилдөөлөрүн жүргүзө алат.
6.3. Илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн ПжКБ Ж. Баласагын атындагы КУУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн адистерин, ошондой эле изилдөө багытына ылайык сырттан адистерди тартууга укуктуу.
6.4. ПжКБ Ж. Баласагын атындагы КУУнун стратегиялык өнүктүрүү милдеттерине ылайык Ж. Баласагын атындагы КУУнун студенттери менен бүтүрүүчүлөрүнүн жумушка орношуу жана карьералык өсүү маселелери боюнча чет өлкөлүк уюмдар менен өз ара аракеттене алат.
6.5. ПжКБ Борбордун ишмердүүлүгүнө байланыштуу эл аралык илимий жана кесиптик иш-чараларга катышууга укуктуу.

## 7. ПжКБны МАТЕРИАЛДЫК-КАРЖЫЛЫК ЖАКТАН КАМСЫЗ КЫЛУУ

7.1. Борборду материалдык жана финансылык жактан камсыз кылуу булактары болуп төмөнкүлөр саналат:
7.1.1. Ж. Баласагын атындагы КУУнун бекитилген чыгымдар сметасына ылайык университеттин бюджетинен каржылоолор;
7.1.2. илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бөлүнүүчү максаттуу каржылоолор;
7.1.3. мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелер, ишканалар, жеке адамдар жана башкалар менен келишимдерди ишке ашыруу үчүн алынган каражаттар;
7.1.4. Ж. Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан социологиялык жана маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, материалдык-техникалык базаны кеңейтүүгө, Борбордун кызматкерлерин стимулдаштырууга бөлүнгөн каражаттар;
7.1.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка булактардан;

7.2. Бухгалтердик эсепти жана финансылык операцияларды Ж. Баласагын атындагы КУУнун бухгалтериясы жүргүзөт.

## 8. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

8.1. Борбор кайра уюштурулган же жоюлган учурда Борбордун кызматкерлерин кадрлык алмаштыруу жана жумуштан бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун ички актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

8.2. Борбордун жабдуулары жана башка мүлкү жоюлгандан кийин Ж. Баласагын атындагы КУУнун балансында калат.